КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

16.08.2022 № 1591/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Жалпы билим берүү уюмдарын**
**2022-2023-окуу жылында**
**аккредитациялоо графигин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-мартындагы №189 "Билим берүү уюмдарын аккредитациялоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө" токтому менен бекитилген билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартибине ылайык министрлик тарабынан жүргүзүлүүчү билим берүүнүн сапатын тастыктоо процедурасын эффективдүү уюштуруу максатында ***буйрук кылам:***

1. Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо графиги 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрү (башкармалыктары, борборлору):

- райондун (шаардын) аймагында жайгашкан аккредитацияланууучу мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарын 1-тиркемеде белгиленген сандын чегинде так аныктасын;
- аккредитацияланууучу жалпы билим берүү уюмдарына сапатты камсыздоо маселелери боюнча методикалык жардам көрсөтсүн;
- аккредитациялоо боюнча арыздар жана ага тиркелген документтер 1-тиркемедеги убакыттан (ар бир айдын 1-жарымында) кечиктирилбестен министрликке тапшырылуусун камсыз кылсын;
- 1-тиркемедеги мамлекеттик жана муниципалдык мектептердин ичинен көз карандысыз агенттик тарабынан аккредитациялоодон өтүү чечимин кабыл алган билим берүү уюмдары үчүн көз карандысыз аккредитациялоо боюнча тиешелүү иш-чараларды уюштурсун.

3. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Аккредитациялоо секторуна жүктөлсүн.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**